| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>ОРО АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН<br>ОРО АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>ОРОЙСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ОРОЙСКОГО АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА |
|---|---|

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

13.02.2024-ж. № 5 Кыргызстан айылы

Оро айыл Өкмөтүнүн 2024 –жылга жергиликтүү бюджетинин долбоорун жана 2025 -2026-жылдарга жергиликтүү бюджетинин божомолун бекитуу жөнүндө

Оро айылдык Кенешинин 11 - чакырылышынын кезектеги 17- сессиясы Оро айыл өкмөтүнүн 2024- жылга бюджетинин долбоорун карап чыгып, талкуулап,

**т о к т о м к ы л а т :**

1. Оро айыл Өкмөтүнүн 2024 -жылга бюджетинин көлөмү кирешеси жана чыгашасы менен 24945,7 мин сом суммасында баланс менен бекитилсин.

Кирешеси төмөнкү киреше булактарынын эсебинен түзүлсүн:

| | |
|---|---|
| 1. Короо жай (огород) жер салыгы | - 190,0 |
| 2. Айыл чарба багытындагы эмес жер салыгы | - 1793,2 |
| 3. Транспорт ээлеринен алынган салык | - 550,0 |
| 4. Патенттин негизиндеги салык | - 80,0 |
| 5. Кыймылсыз мүлкке алынган салык | - 20,0 |
| 6. Иш берүүчүлөрдөн алуучу салык | - 5039,0 |
| 7. КБФ ижара акысы | - 180,0 |
| 8. Жайыт жерлеринин ижара акысы учун | - 250,0 |
| 9. Лицензия кармоо үчүн төлөмгө | - 5830,0 |
| 10. Калктуу конуштарда жер ижарасы цчцн акы | - 3490,0 |
| 11. Таштандыларды ташып чыгаруу цчцн жыйым | - 120,0 |
| 12. Атайын каражат | - 601,0 |
| 13. Теңдөөчү грант | - 6802,5 |
| Жыйынтыгы: | 24945,7 мин. сом. |

Чыгашалар 24945.7 мин сом өлчөмүндөгү төмөндөгү бөлүмдөр боюнча бекитилсин

| | |
|---|---|
| 1. Башкаруу аппарытына: | - 6851,0 |
| 2. Билим беруу болумуно: | - 1957,8 |
| 3. Социалдык камсыздоо: | - 493,0 |
| 4. Маданият бөлүмүнө: | - 1081,9 |
| 5. ЖКХ | - 13594,3 |

6. Жарандык коргоо: - 200.0
7.Экономикалык маселелер - 166.7
8. Бала бакча атайын каражат(ата-энелер төлөмү - 561,0
9. ЖКХ атайын каражат - 40.0

Жыйынтыгы: 24945.7 мин сом.

2.Айыл өкмөтүнүн 2025–жылга бюджет божомолунун жалпы суммасы 16525,0 мин сом, 2026-жылдын бюджет божомолунун жалпы суммасы 17368,0 мин сом суммасында белгиленсин.

3.2024 – жылдын бюджетине белгиленген каржылоо чыгымдары биринчи кезекте коргоодогу статьяларды (айлык акы, соц фонд жана коммуналдык чыгымдарды, байланыш чыгымдарды) жабууга жумшалсын.

4. Жыл ичинде жергиликтүү киреше булактары бюджетте белгиленген суммадан ашык түшсө, ал суммага жараша бюджеттин чыгаша бөлүгүнө өзгөртүүнү кошумча смета түзүү менен киргизүү жагы айылдык Кенештин сессиясына сунушталып, планга тактоо киргизүү Каржы Министрлигинен суралсын.

5. 2023-жылдын жыйынтыгы менен чыгашадан ашкан кирешенин эсебинен 2024-жылга 3,0 мин сом өлчөмүндө кассалык жүгүртмө каражаттык запас түзүлүп, жыл ичинде керектүү учурларда пайдаланып кайра орду толукталып, жылдын этегине чейин эсептик счетто сакталсын.

6.Бюджетти аткаруу процессинде зарыл учурда бөлүмдөн бөлүмгө, статьядан статьяга, кварталдан кварталга жылдыруу финансы экономикалык бөлүмүнүн сунушунун негизинде айыл өкмөтүнүн токтомуна ылайык жүргүзүү жагы белгиленсин.

7.Бакай- Ата районунун мамлекеттик администрациясынын 2021-жылдын 26-январын дагы № Б-9/1 буйругунун негизинде бюджеттен өзгөчө кырдаалдарга биринчи жардам көрсотүү үчүн 200,0 мин сом өлчөмүндө "кол тийгис" акча каражаттарынын запасы түзүлсүн.

8. Ошондой эле 2024 – жылдын бюджетинин чыгаша коломунун 1 % нин эсебинен 235,1 мин сом айыл окмотунун резервдик фонду болуп тузулуп, айыл окмоттун тескоосуно берилсин.( КРсынын «Бюджеттик укуктуулуктун негизги принциптери жонундогу» Мыйзамынын 21- беренеси).

9. 2024- жылдын бюджетинин киреше, чыгашасы мыйзамдуулуктун негизинде аткарылуусу, максатсыз жумшоого жол бербоо, казынадан сырткары чыгымдоолорго тыйуу салуу милдеттери айыл Өкмөтүнүн башчысына жана финансы- экономика бөлүмүнө тапшырылсын.

10. Бюджеттин киреше булактары болгон салык жана салык эмес толомдорду жыйноодо, откон жылдардан калган суммаларды(недоимкаларды) толук ондуруудо айыл окмотуннун салык кызматкерлерине катуу талап коюлсун, ошондой эле алардын ишине артараптуу жардамдар корсотулсун.

11. Салык Кодексинин 197 статьясынын негизинде унаа ээлеринен тийиштуу олчомдогу салыктар моонотунон кечиктирилбей алынсын.

12.Айыл чарбасына арналбаган жер салыгын чегерүүнүн коэфициенти К1=1,034

болуп, айыл чарба багытындагы жерлердин жер салыгын чегерүүнүн коэфициенти К1=1,034 болуп белгиленсин.

13.Мектептердин жыл ичиндеги (текущий) ремонтуна каражаттар республикалык бюджеттен камсыз болуп жаткандыгы эске алынсын.

14.КР Өкмөтүнүн 30.05.2013- жылдын № 302 токтомунун 1-пунктунда көрсөтүлгөндөй билим берүү уюмдарынын окуу жана тарбия иштерине байланыштуу чыгымдары Билим Берүү Министрлиги аркылуу каржыланары белгиленсин.

15.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кенешинин бюджеттик комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Б. Мотуев**